***УДК: 37.091.3***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.34***

***Жекшеналы кызы А.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ,*
*аспирант*

# ОРТО МЕКТЕПТИН ЖОГОРКУ КЛАССТАРЫНДА КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУДА ДОЛБООРЛОО-ЧЫГАРМАЧЫЛ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

***Кыскача мазмуну***

*Илимий макалада окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлүп, чыгармачыл компетенциясын ачып берүүдө бир топ маселелер каралат. Долбоорлоо методу окучуулардын жамаатташып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүктү өнүктүрөт.  Адабий –чыгармачылык компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш–аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгүн арттырат. Өлкөдө жаш муундардын этностук иденттүүлүгүн тарбиялоо милдеттерине айкалыштырылып, инсандык, социалдык-маданий компетенцияларды түзүүнүн мазмунунда чечмеленет. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлүп, чыгармачыл компетенциясын ачып берүүдө бир топ маселелер каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адабият таануу, адабиятты окутуу концепциялары, сабактын жаны структураларын издөө, окуу программалары, окуу стандарт, окутуунун башка формаларын моделдештирүү, сабактын технологиялары, мамлекеттик стандарт, предметтик стандарт, окуу планы ж. б.*

# РАЗВИТИЕ ПРОЕКТНО-ТВОРЧЕСКИХ КОМПЕТЕНЦИЙ В ПРЕПОДАВАНИИ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В СТАРШИХ КЛАССАХ СРЕДНЕЙ ШКОЛЫ

***Аннотация***

*Качество восприятия учащимися литературного произведения основывается на анализе результатов читательской деятельности, при этом рассматривается ряд вопросов в раскрытии творческой компетентности. Метод проектирования развивает деятельность, направленную на коллективную работу учащихся и развитие их творческой активности, мышления и творчества. Литературно-творческая компетентность – повышает  интегративную способность человека самостоятельно применять элементы разных знаний, умений и способов действия в конкретной ситуации (учебной, личностной, профессиональной). Он сочетается с задачей воспитания подрастающего поколения в стране и интерпретируется в контексте формирования личностных, социокультурных компетенций. Качество восприятия учащимися литературного произведения основывается на анализе результатов читательской деятельности, при этом рассматривается ряд вопросов в раскрытии творческой компетентности.*

***Ключевые слова:*** *литературоведение, концепции преподавания литературы, поиск новых курсовых структур, учебные планы, учебные стандарты, моделирование других форм обучения, курсовые технологии, государственный стандарт, предметный стандарт, учебный план.*

# DEVELOPMENT OF DESIGN AND CREATIVE COMPETENCIES IN TEACHING KYRGYZ LITERATURE IN HIGH SCHOOL

***Abstract***

*The quality of students' perception of a literary work is based on the analysis of the results of reading activity, while a number of issues are considered in the disclosure of creative competence. The design method develops activities aimed at the collective work of students and the development of their creative activity, thinking and creativity. Literary and creative competence - increases the integrative ability of a person to independently apply elements of different knowledge, skills and methods of action in a particular situation (educational, personal, professional). The role of competencies in their implementation in the learning process, the practical problems of teaching in ethno-pedagogical context is explained on the basis of the latest subject standards.The quality of students' perception of a literary work is based on an analysis of the results of reading activity, while considering a number of issues in the disclosure of creative competence.*

***Key words:*** *Literary studies, concepts of teaching literature, search for new course structures, curricula, teaching standards, modeling of other forms of education, course technologies, state standard, subject standard, curriculum*

Адабиятты окутуу жана чыгармачыл компетенцияларын өнүктүрүү методикасынын ролу орто мектептеги окуу процессинде жогору экендиги талашсыз. Кыргыз адабиятынын окуу предмети катары спецификасын анын искусствонун өзгөчө түрү болгон ички табияты аныктайт.

Адабиятты окутуу жана анын методикасына тиешелүү көптөгөн маселелер негизинен көркөм чыгарманы талдап үйрөнүү проблемалары менен тыгыз байланышта турат. [1,13- б] Адабиятты мектептерде үйрөнүүнүн сферасынан сүрөткердин өмүрүн, чыгармачылыгын алып таштаганда, анда, көркөм материалды окуу, талдоо, класстан тышкары окуу ж. б. аракеттерди ичине алган өзүнчө бир уникалдуу татаал кубулушка айланып чыга келет.

Орто мектепте окуучуларды асыл идеяларга, жогорку моралдык сапаттарга, жакшы менен жаманды айырмалай билген адеп-ахлактыкка, гумандуулукка, бийик аң-сезимдүүлүккө карата адаттарды тарбиялоого, турмушту таанып-билүү касиетин өстүрүүгө, адам турмушу жөнүндөгү билимин тереңдетүүгө адабияттын ролу зор. Ошол эле стандарттын өзүндө окуучу сөзсүз иш-билги (компетенция) катары билүүгө тийиш болгон «баалуулук-маанилик компетенттүүлүк – бул адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таануу категорияларын түшүнүүгө жөндөмдүүлүгү, ушул баалуулуктарга карата өзүнүн мамилесин аныктоо, негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позициясына туруу; окуучунун ар түрдүү элдердин, мезгилдердин адабиятында жаралган дүйнөнүн картинасын өздөштүрүү тажрыйбасын жыйноо менен байланышкан руханий баалуулуктарды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жигердүү катышуу жөндөмдүүлүгү; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү» боюнча болуучу иштер бир эле тарбиянын (эстетикалык тарбия берүүнүн) чегинде жөнгө салынбай калышы мүмкүн. Бул кыргыз педагогикасынын жана билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүүчү орто мектептерден ички айырмачылыгын эсепке албагандык болуп саналат.[6, 52-б.]

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана алардын кандайча колдоно алары аныкталат. [2,7-б.]

VII класстын окуучуларынын компетенттүүлүгүнө коюлуучу негизги талаптар

Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:

1. мугалимдин жетекчилиги менен чыгарманын темасын, идеясын, мазмунун жана формасын аныктай алуу;
2. чыгарманын тек, түр, жанр боюнча кайсыларга таандык экендигин аныктоо;
3. өздөштүрүлүп жаткан чыгарма боюнча берилген суроолорго кеңири жооп берүү, ой жүгүртүү дилбаянын жаза билүү;
4. окуп-үйрөнүлүп жаткан чыгарманын айланасында турмуштук ой жүгүртө билүү;
5. көлөмү чакан чыгарманы кеңири, кыска, тандалмалуу түрдө оозеки же жазма формада айтып, жазып бере алуу;

VIII класстын окуучуларынын компетенттүүлүгүнө коюлуучу негизги талаптар

Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:

1. мугалимдин жетекчилиги астында өздөштүрүлүп жаткан чыгармалардын идеялык-нравалык проблематикасын, сүрөттөлгөн турмушка автордун мамилесин ачып көрсөтүү;
2. билүүгө жана ошондой көндүмдөргө ээ болууга тийиш.
3. адабий-теориялык түшүнүктөрдү билүүнү жана аларды колдонуп, чыгармаларды талдай алууну;
4. ар башка каармандардын бирдей кырдаалда, жагдайда жасаган иш-аракеттерин салыштыра жана баа бере билүү;
5. коомдук-саясий, адабий сын, адабият таануу макалалары, китептери боюнча конспект, план, тезис, реферат жаза билүү; [3, 4-б.]



Адабиятты окутуу жана анын методикасынын ролу орто мектептеги окуу процессинде жогору экендиги талашсыз. Адабиятты окутуу жана анын методикасына тиешелүү көптөгөн маселелер негизинен көркөм чыгарманы талдап үйрөнүү проблемалары менен тыгыз байланышта турат.

Учурдагы кыргыз мектептеринде адабий билим берүүдө окутуунун электрондук каражаттарын пайдалана албоо, интернет булактарын колдонбоо, заманбап компьютердик технологияларды сабакта уруна албоо сыяктуу кемчиликтер орун алган. [4,288-б.] Дагы бир белгилей кетчү нерсе, бул материалдарды мугалимдер жана окуучулар колдоно ала тургандай деңгээлде адаптациялоо техникалык жактан да, методикалык жактан да ишке ашкан эмес.

Кыргыз адабиятын окутуу процессин уюштуруу методдору:

Эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө) методу – текстти бир топ терең талдоого жол ачып, адабияттануунун материалдарын пайдаланат, б. а., адабий чыгарманы илимий-теориялык жактан таанып билүүгө жол ачылат.

Изилдөөчүлүк методу – кыргыз адабияты предметине чыгармаларды өз алдынча талдоо жүргүзүүчү ишмердүүлүк.

Репродуктивдүү методдо окуучулар билимди даяр түрдө алат, мисалы, алар мугалимдин лекциясынан, баяндоосунан, окуулуктардан, окуу колдонмолорунан, адабият таануу багытындагы китептерден предметке байланыштуу маалыматтарды алат.

Долбоорлоо методу - соңку кылымда азыркы педагогикада долбоорлоо (проект) методу деген түшүнүк пайда болду. Долбоорлоо методу окуучулардын жамаатташып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүк.

Мугалимдин мыкты көрктүү окуусу окуучуга өзгөчө пайдубал түптөйт да, анын жан дүйнөсүндөгү шыкты ойготушу ыктымал же жөн гана эстетикалык табитин тарбиялоо менен өмүр бою анын эсинде калат. [5, 6-8-б.] Жаш өспүрүмдөрдүн жан дүйнөсүнүн жана эмоциялык жактан жарды болушу, моралдык туруксуздугу, ой жүгүртүү маданиятынын төмөндүгү өзүнүн рухий керектөөсүн китептен издеп таба албагандыгы менен да түшүндүрүлөт. Орто мектептин жогорку класстарындагы окуучуларды баалоо белгилүү бир убакыт аралыгында окуучунун билимин, билгичтигинин жана анын компетенцияларынын жыйынтыгы мамлекеттик билим берүү стандартындагы коюлган талапка жооп берүү деңгээлин аныктайт. Аны билим берүү этаптарында жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга болот.

***Адабияттар***

*1. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. –Ф.: Мектеп, 1976. – Б. 13.*

*2. Кыргыз адабиятынын программасы. V–XI класстар үчүн. Б.: Педагогика, 2006. – Б. 7.*

*3. Кузьмин Н.В. Методы исследования педагогической деятельности. – Л., 1970. – С.71. 5. Соловьева Н.М., Заводская Т.Ф. Выразительное чтение в 4–8 классах. – М.: Просвещение, 1983. – С.4.*

*4. Турдугулов А., Оторбаев Б. Кыргыз адабияты. Орто мектептердин VIII классы үчүн окуу китеби. – Б., 2013. 288.*

*5. Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне. // Эне тили, 1992*

*6. Кенжешев К.Д. Орто мектептерде кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы жана анынмилдеттери / К.Д. Кенжешев - БМУ жарчысы. -2017.-52-б.*